- Топ менен жарыш – Ким туура жана тез айтат? Оюн түрүндөгү форма окуучулардын активдүүлүгүн арттырат.
- Иллюстрация менен иштөө – Жаңылмачтардагы предметтерди сүрөттө көрсөтүү (мисалы, кашка, каша, жүк) маанини түшүнүүгө жардам берет.
- Аудио менен угуу – Үн жазууларды угуп, туура айтууга көнүгүү.
- Жаңылмачты жарат – Окуучулар өздөрү жаңылмач ойлоп табышат. Бул чыгармачылыкты жана тилдик активдүүлүктү өстүрөт. [2]

Жаңылмачтар — бул жөн гана тил үйрөтүүчү материал эмес, баланын кебин, ой жүгүртүүсүн жана көңүлүн активдештирүүчү дидактикалык курал. Сабакта жаңылмачтарды туура, системалуу колдонуу менен мугалим баланын тилдик жөндөмүн эрте курактан өнүктүрө алат. Элдик чыгармачылыктын бул түрү аркылуу балдар эне тилине болгон кызыгуусун арттырып, жаратмандык менен ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт. Ошондуктан, жаңылмачтарды башталгыч класстын окутуу-тарбия процессине активдүү колдонуу сунушталат.Мугалим жаңылмачтарды туура тандоо жана эффективдүү колдонуу менен окуучунун жигердүүлүгүн арттыра алат, жана бул алардын тилди туура үйрөнүүсүнө чоң өбөлгө болот. Башталгыч класстын окуучулары үчүн жаңылмачтар тилдин табиятын таанып-билүүгө, үндөрдү туура айтууга, сөздөрдү так колдонууга чоң жардам берет. Сабакта жаңылмачтарды туура жана максаттуу пайдалануу окуучунун өз оюн так жана логикалуу айтуусуна, угуп түшүнүү жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мындан сырткары, жаңылмачтар баланын эне тилине болгон кызыгуусун арттырып, элдик чыгармачылыкка болгон урмат-сыйын калыптандырат. Ошондуктан, мугалимдер жаңылмачтарды окуу-тарбия процессинде активдүү жана системалуу колдонсо, бул баланын тилдик жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө зор салым кошот.

Колдонулган адабияттар:

1. Кыргыз элдик оозеки чыгармалар жыйнагы – Бишкек: 2010
2. Сатыбалдиева Т. «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» – Бишкек, 2015
3. Ибраимова А. «Балдардын кебин өнүктүрүүдө элдик чыгармачылыктын ролу» – Илим, 2020
4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү стандарттары жана 1–4-класстар үчүн методикалык колдонмолор
5. Башталгыч класстардын программалары. -Б.,2000,
6. Выготский, Л. С. (1998) Мышление и речь: Избранные психологические исследования– Москва

**УДК: 37.013.5** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.452**

## БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫН РУХАНИЙ-АДЕПТИК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН ЖОЛДОРУ

Умарова Рита Нурдиновна - п.и.к., доцент, ОшМПУ
ORCID: - 0009-0002-9780-6424
e-mail: Umarovarita@bk.ru

## ПУТИ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

Умарова Рита Нурдиновна - к.п.н., доцент, ОшМПУ
ORCID: - 0009-0002-9780-6424
e-mail: Umarovarita@bk.ru

# WAYS OF SPIRITUAL AND MORAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Umarova Rita Nurdinovna — Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor, OshSPU
ORCID: 0009-0002-9780-6424
E-mail: Umarovarita@bk.ru

**Аннотация:** Бул изилдөө ишинде башталгыч класстагы окуучуларды руханий-адептик жактан тарбиялоонун мааниси жана ал тарбияны жүзөгө ашыруу жолдору, ыкмалары талданып берилет. Руханий-адептик тарбия — жаш муундун ички дүйнөсүн, адеп-ахлактык баалуулуктарын, адамгерчилигин калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Өзгөчө башталгыч класстагы балдарда бул сапаттарды калыптандыруу алардын мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун пайдубалын түптөйт, ошондой эле инсан катары калыптанышында руханий баалуулуктарды жана адеп-ахлактык нормаларды өздөштүрүү өтө маанилүү. Ошондуктан бул этапта мугалимдин, ата-эненин жана коомдун ролу чоң. Макалада адептүүлүк, ыймандуулук, боорукерлик, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды калыптандыруу боюнча колдонулуучу усулдар, ыкмалар каралат. Ошондой эле, окуучлардын руханий-адептик тарбия берүүдө улуттук тарбиянын элементтери көрсөтүлүп, үлгүлүү жүрүм-турум мисалдарынын мааниси белгиленет. Изилдөөнүн жыйынтыгында башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоону өркүндөтүү боюнча сунуштар берилет.

**Ачкыч сөздөр:** руханий-адептик тарбия, башталгыч класс окуучулары, тарбиялоо.

**Аннотация:** В данной исследовательской работе будет проанализировано значение духовно-нравственного воспитания учащихся начальной школы и пути, методы осуществления этого воспитания. Духовно-нравственное воспитание-играет ключевую роль в формировании внутреннего мира, нравственных ценностей, человечности подрастающего поколения. Формирование этих качеств, особенно у детей младшего школьного возраста, закладывает основы их характера, поведения, а также очень важно усвоение духовных ценностей и моральных норм в их становлении как личности. Вот почему на этом этапе большую роль играют учитель, родители и общество. В статье будут рассмотрены методы и приемы, используемые для формирования таких качеств, как порядочность, верность, доброта, трудолюбие. Также показаны элементы национального воспитания в духовно-нравственном воспитании учащихся, отмечено значение примеров образцового поведения. По итогам исследования будут даны рекомендации по совершенствованию духовно-нравственного воспитания учащихся начальных классов.

**Ключевые слова:** духовно-нравственное воспитание, ученики начальных классов, воспитание.

**Abstract:** This research paper will analyze the importance of spiritual and moral education of primary school students and the ways and methods of implementing this education. Spiritual and moral education plays a key role in shaping the inner world, moral values, and humanity of the younger generation. The formation of these qualities, especially in children of primary school age, lays the foundations of their character and behavior, and it is also very important to assimilate spiritual values and moral norms in their development as a person. That's why teachers, parents, and society play a big role at this stage. The article will examine the methods and techniques used to form qualities such as decency, loyalty, kindness, and diligence. The elements of national education in the spiritual and moral education of students are also shown, and the importance of examples of exemplary behavior is noted. Based on the results of the study, recommendations will be given on improving the spiritual and moral education of primary school students.

**Keywords:** spiritual and moral education, primary school students, upbringing.

Өнүккөн өлкөнү куруудагы негизги талаптардын бири бул жаңы адамды тарбиялоо болуп эсептелет. Ошондуктан ар тараптан тарбияланган, рухий жагынан бай, моралдык жагынан таза, денеси чың адамдарды тарбиялоо өтө маанилүү иш. Ошондон улам бала дайыма тарбиянын кучагында болот. Экинчиден бул иш өтө көп кырдуу болот. Айталы бала негизинен мектепке киргенче тарбияны үйдөн жана бакчадан алат дейли. Ушул мезгилде эле адептүүлүк жактан көп сапаттары калыптанат. Ал эми адептүү сапат же болбосо үлгүлүү жүрүш-туруш жалпы тарбиянын негизги маселелеринин бири.

Адеп, ыйман – адамдын адамча жашоо мыйзамы, адам болуу билими. Адептүүлүк, ыймандуулук – күн-түн бою адамдардын жүрүм-турумун тескеп жаман жоруктан сактап туруучу матрица. Адамдын денесин ысык-сууктан кийим коргоп тургандай ыйман жан дүйнөсүн ыплас нерселердин таасиринен коргоп турат. [2,11б.]

Руханий-адептик тарбия коомдо адептик баалуулуктарды муундан муунга улантып кайра өнүктүрүүнүн бирден бир шарты. Руханий адептик тарбиянын табиятын, мазмунун таанып билүүдө окумуштуулар Л.И. Божович, Л. А. Выготский, А. Алимбеков, С. Иптаров, И.С. Смирнов, В.А. Сухомлинский, С.М. Рубинштейн ж.б. эмгектери өзгөчөгө мааниге ээ. Алардын эмгектерине таянуу менен адеп тарбиясын окуучуларда адамдарга, мекенге, коомго, табиятка, эмгекке карата моралдык мамилелердин системасын калыптандыруу процесси катары карайбыз. «Адам – адам менен адам» «Адам болоор кишинин адам менен иши бар» – деген кыргыз эл педагогикасынын эрежелерине ылайык балдарды гумандуулукка тарбиялоо коом мүчөлөрү менен өз ара мамиле түзүүнүн маданиятына үйрөтүүдөн башталат [3]

Баланын эң биринчи тарбиясы – адептик тарбия. Башкача айтканда, баланы жаман иш жана достордон алыстатып, жакшы достор менен ойноосун камсыздоо, жакшы жүрүм-турумду үйрөтүү дегендикке жатат. Окуучу мектептин босогосун аттагандан баштап ар кыл окуяларга кабылат. Биринчи класстын окуучусу үчүн ар бир жаңы көрүнүш өтө кызыктуу. Бала бул учурда өтө сезимтал келет. Дагы бир негизги өзгөчөлүк алардын тез чарчашында. Демек, жогорудагы шарттарга байланыштуу баланын бул мезгилиндеги өзгөчөлүгүн билүү ата-энелер жана мугалимдер үчүн өтө зарыл. [1, 95-б.]

Алты жашындагы мектепке жаңы кадам шилтеген бала баарыдан мурда жаңы шартка жүрүш-турушту үйрөнүүгө аракеттенет. Демек, так ушул мезгилден баштап баланын керт башынын калыптанышы интенсивдүү түрдө ишке аша баштайт. Анткени, мектепке келгенден тартып чөйрөсү бир канча кеңеет. Көп нерсени билүүгө дилгирленет. Ошондуктан өз милдеттерин, айрыкча окуу тапшырмаларын убагында аткарууга умтулат.

Жаш муундардын туура калыптанышына ата-энелердин, мектептердин ролу зор. Биринчи класстын окуучуларынын өзгөчөлүктөрүнүн бири өз мугалимдерин жакшы көрүүсүндө. Көп учурда мугалимдин айтканы закон катары аткарылат. Алар бизге мугалим мындай деп айткан деп турушат. Мугалимдин айтканын сөзсүз аткарууга аракеттенишет. Ушуга жараша мугалим дайыма тапшырманы туура берип жана талапты туура коюшу зарыл. Мугалимдин сүйлөгөнү, басканы, талап койгону, ошондой эле толуп жаткан башка адептүүлүк сапаттары окуучуларга түздөн-түз үлгү болууга тийиш. Балдар ойногондо мектептен көргөндөрүнүн бардыгын «мугалим» болуп кайталап чыгышат.

Адептүү жүрүш-турушту калыптандыруу боюнча башталган системалуу иш экинчи, үчүнчү класстарда улантылат. Окуучулар адамдын жүруш-турушунда эмне жакшы жана эмне жаман экендигин ажыратууга аракет кылышат. Ошондой эле керт башында кандай жакшы, жаман адаттар бар экендигин талдайт. Жолдошторуна жана улуу, кичүүлөргө адилеттүү деген атка татыктуу болгулары келет. Олуядай даанышман бабаларынын таалим, тарбия жөнүндөгү осуяттарын ыйык туткан биздин ата-бабаларыбыз балдардын жосунсуз жоруктарына атайын көрмөксөн болуп, жүрүш-туруштарынын жакшы жактарына айрыкча көңүл бөлүү менен эле алардагы “жакшы адам болсом”, “мени айлана-чөйрөдөгүлөр жакшы дешсе” деген талапты калыптандыра алышкан.[6]

Жолдоштукту түшүнүү окуучунун ушул жашындагы эң маанилүү сапаттарынын бири. Коомдук турмушта, коллективде өз ордун табышына үйрөтүү зарыл. Эгер өзүнүн убадасын, коллектив берген тапшырмаларды аткара билсе жана жолдошторуна жагымдуу мамиле кыла алса, ал окуучу коллектив арасында кадыр-баркка ээ боло алат да жашоо ал үчүн көңүлдүү жана кызык өтөт. Коллектив тарабынан берилген тапшырманы аткарышына жараша ал окуучу жөнүндө пикир пайда болот. Айланадагыларга достук мамилеси, жолдошторуна, үй-бүлөдө жана өзүнөн улуу-кичүүлөргө карата жардамдашуу окуучунун журүш-турушундагы негизги маселелердин бири. Мисалы: «Мугалимдии бардык тапшырмаларын көңүл коюп ук жана өз алдынча аткар, сабакта өзүңдү жакшы алып отур. Мектепке өз убагында кел жана сабактан кечикпе. Мектепке зарыл болгон бардык окуу китептерин жана жазуу куралдарын алып кел»

деген талап окуучулардын эрежесин аткаруу процессинде билимдин негиздерин кунт коюп үйрөнүү, тиешелүү иштерди жоопкерчилик менен аткаруу, керек болгон учурда өзүнө тиешелүү тартипти сактап отуруу, тыкандык сапаттарын калыптандырууга жардам берет.

«Мектептин жана коомдун башка мүлктөрүнө, өзүңдүн жана жолдошторуңдун буюмдарына этияттык менен мамиле кыл». Бул эрежени аткаруу менен бирге окуучулар ар кандай буюмдарга этияттык менен мамиле кылууга үйрөнүшөт, ал эми этияттык сапат да адептүү жүрүш-турушту калыптандырууда чоң роль ойнойт.

«Дайыма таза жана тыкан бол, жуун, тишинди тазала, чачыңды тара. Мектептеги, класстагы жана үйдөгү тазалыкты сакта». Бул талап тыкандыкка жана тазалыкка үйрөтүүгө жардамдашат. «Ата-энеңдин жана үй-бүлөдөгү улуулардын тилин ал. Алардын иштерине жардамдаш. Инилерине жана карындаштарыңа камкордук көр». Бул эрежени орундатууда да адептүүлүк жөнүндөгү, өз ара жардамдашуу боюнча көп сапаттарга тарбияланат.

Жогорудагы айтылган эрежелердин бардыгы оңой олтоң эле окуучулар тарабынан аткарыла койбойт. Эгерде бардыгы аткарылса, анда окуучунун бардыгы адептүү жүрүш-турушка татыктуу болоор эле. Тилекке каршы, бизде адептүү жүрүш-туруш боюнча окуучулар түрдүүчө. Ал эми биздин максат чыныгы адептүү, үлгүлүү жүрүш-турушту тарбиялоо болуп эсептелет. Ал эми адептүү жүрүш-турушту тарбиялаш үчүн нравалык көнүмүштөрдүн калыптанышы зарыл.

Адептүүлүк адатка эмнелер кирет: сылыктык, жөнөкөйлүк, саламдашуу, адамга жылуу маиле кылуу, жардамдашуу, сүйлөшүү мезгилинде кичи пейилдүүлүктү көрсөтүү, бирөөнүн сөзүн көңүл буруп угуу ж.б. ушулардын бардыгы чын ниеттен аткарылса адептүүлүк сапаттардын фондусу болот.

Адептүү жүрүш-турушту калыптандыруу үчүн кандай иштерди жүргүзүү керек? Бардык ыкмалардын эң негиздүүсү режим болуп эсептелет. Режим ар бир баланын жекече шартына ылайык түзүлүүсү зарыл. Режим- максатка ылайыкталган, сөзсүз аткарылууга жана туруктуу болууга тийиш. Ошондо гана пайдалуу адаттарды калыптандырууга жардам бере алат. Ойлонуп түзүлгөн режим убакытты туура болүштүрүү адатын калыптандырат. Демек, окууга, эс алууга, эмгекке үйрөтүүгө үйгө жардам берүүгө жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Режимди аткаруу башталгыч класстын окуучуларында ата-энелердин жана мугалимдин көзөмөлүндө өтөт. Улам чоңойгон сайын режимдин керектигин окуучу терең түшүнүп, аны өз алдынча аткара алат. Ошондуктан адептүү, үлгүлүү жүрүш-турушту калыптандырууда режимди орундатууга баланын өз эрки боюнча аткарылышы гана оң таасир берээри талашсыз. Режимди аткаруу менен бир канча жакшы адаттарды көнүктүрүү мүмкүн, алсак убакытты туура пайдалануу, сергектик, шамдагайлык ж.б. Убакытка карата ишти так аткаруу адаты өзүнөн –өзү так талап коюу адаты менен барабар боло тургандыгын А.С. Макаренко бир нече жолу белгилеген. Режим шалаакы балдар үчүн турмуштун закону болууга тийиш.

Көнүгүү методу адептүүлүккө тартарбиялоодо негизги жолдордун бири болуп эсептелет. Советтик педагог А.С. Макаренко көнүгүү методуна чоң маани берген. Көнүгүү – жүрүш-туруштун гимнастикасы. Ал эми гимнастикалык зал болсо коллектив экендигин айткан. Көнүгүү да бир нече ыкмалар менен колдонулат: талап кылуу, үлгү көрсөтүү, кайталоо, эскертүү, контролдоо ж.б. Көнүктүрүү тарбиялоодо негизги метод болуп эсептелсе да аны формалдуу машыктыруу менен алмаштырууга болбойт. Ал эми окуучулар болсо көнүгүүнүн турмушка керектигин терең түшунүүсү зарыл. Ошондой эле ар бир көнүгүүдөн рахат ала билсе гана бул метод эффективдүү таасир бере алат.

Эми көнүгүү методуна кирген ар бир ыкмалар жөнүндө сөз кылалы. Талап кылуу - пайдалуу адаттарга үйрөтүүнүн алгачкы мезгилинде бул ыкманы колдонбой коюуга мүмкүн эмес. Талап кылуу учурга жараша ар түрдүү колдонулат. Башталгыч класстын окуучулары үчүн талап кылуу эреже катары колдонулушу ыктымал, «Окуудан келип, тамактанып, эс алгандан кийин сабак даярда». Талап кылуу жакшы адаттар жөнүндө айтып берүү боюнча да жүргүзүлөт. Мына ал дайым таза жүргөндүктөн татынакай көрүнөт. Же сабакты көңүл буруп укккандыктан бардыгын түшүнүп алат ж.б. Талап кылуунун мындан башка да ар кыл түрлөрү

бар: буйрук берүү, коркутуу. Бул түрдөгү талап коюу тескери эмоцияны пайда кылаары ыктымал. Ошондой болсо да мындай талап кылуу колдонулбай калбайт.

Оң аракеттерди үлгү катары көрсөтүү – бул ыкманын жардамы менен да адептүү жүрүш-турушту калыптандырууга болот. Мисалы: “Мына, Асан алдыңкы окуучу, дайыма таза, сылык жана эмгекчил”- деп Асанга айтабыз. Анда ал мен ошондой боло алам деген ойго келип аракеттениши ыктымал. Башка бирөөгө үлгү көрсөтүү кичинекей балдарга көбүрөөк таасирдүү. Ошондуктан башталгыч класстын окуучулары үчүн бул ыкма кененирээк колдонулат.

Аракеттин кайталанышы же машыгуу: кайталоо менен кээ бир пайдалуу адаттар калыптанат. Кайталоо да машыгуу процесстери сыяктуу керектүү шартты же убакытты талап кылат. Максатка ылайыксыз жана себепсиз кайталоонун кажети жок. Кайсы бир убакытта оң адаттарды кайталоо терс адаттар менен түйүндөш болот. Ошондой эле терс адаттардын жоюлушуна жардам берет. Аракеттерди кайталоо ар бир окуучунуну жекече өзгөчөлүгүнө ылайыктуу болушу керек. Кайталоо же машыгуу баланын активдүүлүгүнө да байланыштуу.

Көнүгүүнүн дагы бир ыкмасы бул-эскертүү. Көнүккөнгө чейин эскертүү да белгилүү орунду ээлейт. Абдан үйрөнүп бүткөнгө чейин жана үйрөңгөнүн унутуп калбас үчүн эскертип туруу зарылчылыгы туулат. Кээ бир изилдөөчүлөдүн пикирине караганда унутуп калуу оң адаттарды тарбиялоодо көп тоскоолдук кылат.

Көнүгүүдөгү дагы бир ыкма – контроль жана өзүн-өзү контролдоо. Бул ыкмалар пайдалуу адаттардын калыптанышына чоң жардам берет. Контролдоо мезгилинде баланын начар жана күчтүү тараптары байкалат. Ошого карата мамиле кылууга аракеттенишибиз керек. Окуучу жетишээрлик даражада машыгып бүткөндөн кийин контролдук кылуу күчүн жоготот.

Башталгыч класстын окуучулары үчүн адептүү жүрүш-турушту тарбиялоонун көрүнүктүү методдорунун бир – оюн. Башка методдорго карганда баланын жүрүш-турушунун калыптанышы ачыгыраак белгилүү. Себеби оюнга окуучулардын көпчүлүгү кызыгуу жана өз эрки менен катышышат. Демек, мындагы эрежелерди эч кыйналбастан аткара алышат. Дагы бир эффективдүү таасирдүү жагы анын кайталанып турушунда, ошондой эле бардык оюнда өздөрүнө ылайык эрежелер бар. Талап коюлат, көнүгүшөт, машыгышат ж.б.

Мына ушинтип, биз жогррүда адептүүлүктүн калыптанышынын негизги методдорун токтолуп өттүк. Ушул айткандар менен чектелип калбашыбыз керек. Мындан башка да түрдүү методдор болушу мүмкүн. Тарбия иши чыгармачылык иш болгондуктан ар бир тарбиячы мугалим же ата-эне анын эффективдүү жолдорун колдонушу зарыл.

Башталгыч класстын мугалимдери окуу процесси менен бирдикте көп кырдуу тарбия иштерин да жүргүзөт. Албетте, руханий жана адеп-ахлак маселелерин чечүүдө комплекстүү мамиле жасашыбыз абзел. Мектеп окуучуларына системалуу түрдө рухий-адептик таалим-тарбия берүү аркылуу аларда элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу, адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрум-турум адебин клыптандыруу зарыл. [5, 50б.]

Башталгыч класс окуучуларына руханий-адептик тарбиянын элементтерин берүүдө төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.

1. **Улуттук баалуулуктарды үйрөтүү:**

- Кыргыз элинин тарыхы, маданияты, баатырлары жана улуттук каада-салттары менен тааныштыруу.
- Улуттук каада-салттарды күнүмдүк турмушта колдонуу (мисалы, саламдашуу, чоңдорду урматтоо).
- Улуттук музыка, ырлар, бийлер жана уламыштарды окуучуларга үйрөтүү.

2. **Салт-санаалар менен тааныштыруу жана алардын маанисин түшүндүрүү:**

- Улуттук майрамдар жана аларды белгилөөнүн тартиби тууралуу маалымат берүү (Нооруз, каада-салттар).

- Ар бир салт-санаанын себеби жана адамга берген тарбиялык мааниси тууралуу баяндап берүү.
- Салт-санааларды практикалык түрдө өткөрүү (мисалы, саламдашуу маданияты, дасторкондо жүрүм-турум эрежелери).

3. **Элдик нарк-насилди тарбиялык курал катары колдонуу:**

- Элдик макал-лакаптарды, уламыштарды, жомокторду колдонуу аркылуу адеп-ахлактык баалуулуктарды берүү. Мисалы, «Эмгекчилдик – байлык», «Чынчылдык – адамдын башаты» деген сыяктуу макалдардын маанисин түшүндүрүү.
- Окуучулар менен чогуу жомок окуу жана талкуулоо аркылуу адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүү.

4. **Улуу-кичүүнү урматтоо жана боорукерлик:**

- Үй-бүлөдөгү жана мектептеги улууларды урматтоо каадасын жайылтуу.
- Боорукерлик, көмөктөшүү, достук сыяктуу сапаттарды элдик нарк-насилден мисалдар менен көрсөтүү.

5. **Педагогикалык оюндар жана окуу иш-чаралары:**

- Улуттук оюндарды ойноп, алардын тарбиялык маанисин түшүндүрүү.
- Маданий иш-чараларды уюштуруу (мисалы, улуттук кийимдерди кийип, улуттук тамактарды таанытуу).

6. **Үй-бүлө жана коом менен тыгыз байланышты камсыз кылуу:**

- Ата-энелер менен биргеликте улуттук тарбияны улантуу максатында иш-чаралар уюштуруу.
- Баланын руханий-адептик өнүгүүсүнө салым кошкон коомдук иш-чараларга катышуу. [4]

Бул жолдор башталгыч класстагы балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүшү абзел. Мындай тарбия баланын инсан катары өсүүсүнө, улуттук тамырын сактоого жана адеп-ахлактык нормаларды өздөштүрүүгө жана баланын **толук кандуу инсан** болуп калыптанышыно чоң жардам берет.

Адептүү жүрүш-турушту тарбиялоого арналган иштер күнүгө кездешет. Бирок күнүгө таасир берүүчү иштердин бардыгын жөнгө салып туруу жана алардын маанисин түшүндүрүп туруу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да мугалим тарбия процессин башкарууга көп аракеттерди жасайт. Негизинен жогоркудай көп даярдыкты талап кылуучу иштерди ар бир класста, ар бир чейректе өтсө болот. Себеби адептүүлүк тарбиядан башка да тарбиянын курамдык бөлүктөрүн ишке ашыруучу иштерди иштөө керек.

Башталгыч класстын окуучуларынын жүрүш-турушун баалоо жогорку класстын окуучуларынан айырмаланат. Ошондой болсо да, негизги принциби бирдей. Тарбиялуулукту же жүрүш-турушту баалоодо, биринчиден моралдык билими, экинчиден ошол билимге карата аткарган иши, үчүнчүдөн ошол ишти аткаруудагы мотиви негизги ролду ойнойт.

Башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоону өркүндөтүү боюнча негизги сунуштар:

- Окутууда руханий-адептик баалуулуктарды системалуу киргизүү;

- Үлгү болуучу жүрүм-турум аркылуу тарбия берүү;
- Сабактан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруу;
- Ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүү;
- Элдик педагогиканын элементтерин колдонуу;
- Позитивдүү мотивация жана ардактоо;
- Мектеп ичинде ынтымактуу жана адептүү чөйрө түзүү

Бул сунуштар мектептеги тарбия процессин күчөтүүгө жана башталгыч класс окуучуларынын инсандын руханий дүйнөсүн калыптандырууга көмөк көрсөтөт:

**Колдонулган адабияттар**

1. Алимбеков А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – 2017-ж., 272 бет.
2. Алимбеков, А “Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы” Бишкек-2018
3. Алимбеков, А. Идеи и опыт гуманистического воспитания в кыргызской народной педагогике / А. Алимбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2017. – № 9. – С. 187-190. – EDN XHMDAY.
4. Жалилова, С. Улуттук каада-салттын студент жаштардын рухун жана адеп-ахлагын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү / С. Жалилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 152-157. – EDN SXNJQM.
5. Иптаров С. “Адептик билим берүүнүн айрым илмий-методикалык маселелери” Бишкек 2012.
6. Умарова, Р. Н. Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо жазалоонун ролу / Р. Н. Умарова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 199-203. – DOI 10.56122/..v2i2.255. – EDN HUGAIX.

УДК. 37.13

# ИНФОРМАТИКА МУГАЛИМИН ДАЯРДООНУН 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ШАРТЫНДАГЫ АКТУАЛДУУЛУГУ

Ырысбаева Айсырга Алмаматовна
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
aisyrga160209@mail.ru
Телефон номер:0772 62 17 72
https://orcid.org/0009-0005-2433-8174

**Аннотация.** Макалада 12 жылдык билим берүү системасынын шартында информатика мугалимин даярдоонун актуалдуулугу каралат. Кыргызстанда билим берүүнүн жаңылануусу жана санариптик трансформация коомдо информатика адисине болгон талапты күчөтүүдө. Информатика сабагы окуучулардын санариптик сабаттуулугун, алгоритмдик жана логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн негизги булагы болуп саналат. Бирок учурдагы абал студенттерди даярдоодо практикалык компоненттин жетишсиздигин жана адистикке болгон кызыгуунун төмөндөшүн көрсөтүүдө. Макалада информатика мугалиминин жаңы шарттагы ролу, билим берүү мазмунун жаңылоонун зарылдыгы жана студенттердин санариптик компетенцияларын өнүктүрүүнүн жолдору талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында практика